1. The Law of the Kyrgyz Republic "On Subsoil" dated May 19, 2018 No. 49 (As amended by the Laws of the Kyrgyz Republic dated July 8, 2019 No. 81, March 23, 2020 No. 29, June 26, 2021 No. 81, August 5, 2021 No. 92):
2. Decree of the President of the Kyrgyz Republic dated January 29, 2021 Year of UP No. 5 "On the issues of reforming the mining industry of the Kyrgyz Republic"
3. The Civil Code of the Kyrgyz Republic dated May 8, 1996 No. 15 (as amended by the Laws of the Kyrgyz Republic dated April 29, 1997 No. 29, October 15, 1997 No. 76, June 6, 2022 No. 41, July 4, 2022 No. 56, August 5, 2022 No. 81, Put into effect by the Law of the Kyrgyz Republic from May 8, 1996 No. 16)
4. Kyrgyzstan in numbers. Buleten NSC KR.2022
5. Beksultanov A. A., Tagaev T.A., State regulation of the use of financial resources of subsoil use in the Kyrgyz Republic, Accounting and analytical tools research of the economy of the region. Makhachkala December 2022
6. Beksultanov A.A., Tagaev T., State financial and budgetary control: principles, tasks and methods. Bulletin of Kyrgyzstan. 2018. No. 2. pp. 27-32.
7. Beksultanov A.A., Analysis of financial, economic, economic accounting in state institutions. Bulletin of the Kyrgyz State University of Construction, Transport and Architecture named after N.Isanov 1 (67) Year: 2020 With: 175-180
8. Beksultanov A.A., Basic methods of preparation of financial statements of state institutions. Science, new technologies and innovations of Kyrgyzstan. 2019. No. 6. pp. 126-130.

УДК 657.6
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-223-229

**Ысыраилова Жанат Бектемировна, Бегалиева Гульзат Ташеновна, Айдралиева Бурулсун Эмильевна**
И. Раззаков атындагы КМТУ, экономика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.,
И. Раззаков атындагы КМТУ, ага окутуучу
И. Раззаков атындагы КМТУ, магистрант
**Ысыраилова Жанат Бектемировна, Бегалиева Гульзат Ташеновна, Айдралиева Бурулсун Эмильевна**
КГТУ им. И. Раззакова, кандидат экономических наук, и.о. доцента,
КГТУ им. И. Раззакова, старший преподаватель,
КГТУ им. И. Раззакова, магистрантка
**Ysyrailova Zhanna Bektemirovna, Begalieva Gulzat Tashenovna, Aidralieva Burulsun Emilyevna**
KSTU I. Razzakov, Candidate of Economic Sciences, Acting Associate Professor,
KSTU I. Razzakov, Senior Lecturer,
KSTU I. Razzakov, undergraduate student

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК АУДИТТИН ӨНҮКТҮРҮҮ
# РАЗВИТИЕ ГОСУДАРСТВЕННОГО АУДИТА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ
# DEVELOPMENT OF STATE AUDIT IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация:** Бул макала финансылык көзөмөлдөө системасындагы мамлекеттик аудиттин маңызын талдоого арналган. Иштин жүрүшүндө каралып жаткан маселенин актуалдуулугу ачылды, бул тема боюнча ар кандай авторлордун эмгектери изилденип, мамлекеттик аудиттин түшүнүгү аныкталды, анын негизги максаты, элементтери, финансылык көзөмөлдөө системасындагы милдеттери жана функциялары изилденди.

**Аннотация:** Данная статья посвящена анализу сущности государственного аудита в системе финансового контроля. В ходе работы была выявлена актуальность рассматриваемого вопроса, изучены работы различных авторов по данной теме, определено понятие государственного аудита, изучены его основная цель, элементы, задачи и функции в системе финансового контроля.

**Abstract:** This article is devoted to the analysis of the essence of the state audit in the financial control system. During the work, the relevance of the considered issue was revealed, the works of various authors on this topic were studied, the concept of state audit was determined, its main purpose, elements, tasks and functions in the financial control system were studied.

**Негизги сөздөр:** Мамлекеттик финансылык көзөмөл, мамлекеттик аудит, финансылык коопсуздук

**Ключевые слова**: государственный финансовый контроль, государственный аудит, финансовая безопасность.

**Keywords:** State financial control, state audit, financial security

Мамлекеттик финансылык көзөмөлдүн функционалдык максаты – мамлекеттин финансылык саясатын жана финансылык коопсуздугун ийгиликтүү ишке ашыруу, экономиканын бардык чөйрөлөрүндө ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылууда. Дал ушундай ишти мамлекеттик аудит аткарышы керек.

Базар экономикасынын шартында мамлекеттик аудиттин ролу коомдун финансылык жана бюджеттик каражаттарын башкаруунун натыйжалуулугун системалуу түрдө жогорулатуу зарылчылыгы менен алдын ала аныкталат. Ошол себептен мамлекеттик көзөмөлдөө системасында мамлекеттик аудит өзгөчө мааниге ээ болууда.

Мамлекеттин аудиттин максаты – бул коомдун атынан бийлик органдарынын мамлекеттик ресурстарды башкаруудагы ишмердигине көз карандысыз объективдүү коомдук көзөмөлдү жүргүзүп, экономиканы же анын айрым тармактарын өнүктүрүүдө тобокелдиктерди башкаруу системасын колдонуу менен, мамлекеттик органдардын ишинин натыйжалуулугун талдоодо. Ал ошондой эле ага жетүү жолдорун өркүндөтүүнү жана иштеп чыгууну талап кылат.

Ушул теманы дыкаттык менен изилдө үчүн, анын аныктамасын талдап чыгуу талап кылынат. Ошондуктан төмөнкүдө авторлордун берген аныктамаларын карап чыктык.

Бүгүнкү кнгө чейин бул маселе көптөгөн авторлордун изилдөө объектиси болуп келген. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мыйзамында мамлекеттик аудит төмөнкүдөй чечмеленет: «Мамлекеттик аудит – бул аудит боюнча мамлекеттик бийлик органынын мамлекеттик ресурстарды (финансылык, материалдык ж.б.) башкаруу боюнча ишмердиги, анын максаты мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун натыйжалуулугу, финансылык отчет түзүүнүн жана бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн тууралыгы финансылык тартип бузуулардын алдын алуу болуп эсептелет» [1].

Окумуштуу А.Л. Скифскаянын оюу боюнча, мамлекеттик аудит – бул бийлик органдарына жана мамлекеттик саясатка көз карандысыз мамлекеттик финансылык көзөмөл [4, с. 42].

А.Н. Козырина мамлекеттик аудитти уюштуруучулук, укуктук жана функционалдык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган мамлекеттик финансылык контролдун өзүнчө бир бөлүгү катары түшүнөт [5].

Экономика илимдеринин доктору Харисова Ф.И. жана анын ассистенти Козлова Н.Н. төмөнкүчө аныктама беришкен: Мамлекеттик аудит – бул мамлекеттик финансылык жана материалдык ресурстарды башкарууга жана пайдаланууга карата мамлекеттик бийлик органдарынын ишине тышкы көз карандысыз аудитти жүзөөгө ашырууга багытталган чаралардын тутуму [5].

Биздин оюбузча, «Мамлекеттик аудит – бул мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун натыйжалуулугун, финансылык отчеттуулуктун жана бухгалтердик эсептин ишенимдүүлүгүн түзүүдө, финансылык тартипти бузууга жол бербөө максатында мамлекеттик ресурстарды башкарууну текшерүү боюнча мамлекеттик органдын ишмердүүлүгү».

Мамлекеттик аудиттин максаттуу багыты – мыйзам бузууларды, каталарды, мыйзамдардан жана белгиленген эрежелерден четтөөлөрдү, ошондой эле кыянаттык менен пайдалануу белгилерин аныктоо жана тактоо.

Азыркы тапта мамлекеттик аудиттин үч түрү мыйзамдын негизинде бекитилген. Алар финансылык отчеттуулуктун аудитин, шайкештиктин аудитин жана натыйжалуулук аудитин камтыйт. Ошондой эле аларды жүргүзүүнүн ыкмалары ченемдик укуктук актыларда көрсөтүлгөн.

Мамлекеттик көзөмөлдөө системасында мамлекеттик аудиттин маанилүү орду анын милдеттерине берилген. Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

- конкреттүү натыйжаларга жетишүүгө багытталган мамлекеттик уюмдар тарабынан мамлекеттик финансы ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун текшерүү;
- мамлекеттик ишканалардын эмгек жана финансы ресурстарын пайдалануунун рационалдуулугун текшерүү;
- финансылык каражаттардын бөлүнгөн көлөмүн эсепке алуу менен анын алдына коюлган милдеттердин аткарылышына жана пландуу көрсөткүчтөр менен салыштырганда иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрдүн жетишине карата аудит объектисинин ишин текшерүү.

Бүгүнкү күндө мамлекеттин негизги милдети – аны өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарын аныктоодо орун алган көйгөйлөрдү чечүү аркылуу мамлекеттик аудиттин натыйжалуу системасын түзүү.

1-таблицада көрсөтүлгөндөй, Эсептөө палатасы тарабынан 2020-жылга бекитилген Аудит планына ылайык 90, ал эми 2021-жылга 125 текшерүү иш-чаралары жүргүзүлгөн.

**Таблица 1. - Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын 2020-2021-жж. бекитилген пландаштырылган аудит**

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **2020** | **2021** | **четтөө (+,-)** |
|---|---|---|---|
| Пландаштырылган иш-чаралардын саны | 90 | 125 | 35 |
| *Жалпы структуралык жана баш ийген бирдиктер, анын* | *1824* | *2390* | *566* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| *ичинде:* | | | |
| Бюджеттик мекемелер | 1366 | 1770 | 404 |
| Чарбалык субъектилер | 251 | 265 | 14 |
| Жергиликтуу бюджеттен каржылануучу мекемелер жана уюмдар | 201 | 351 | 150 |
| Башка уюмдар | 6 | 4 | -2 |

Таблицада көрүнгөндөй, 2021-жылы Эсеп палатасы тарабынан 125 пландуу аудитордук иш-чаралар жүргүзүлүп, анын жүрүшүндө аудит объектилеринин 2390 түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн иши камтылган, анын ичинен: бюджеттик мекемелер – 1770, чарба жүргүзүүчү субъектилер – 265, жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекеме-уюмдар – 351 жана башка уюмдар – 4. Ошондой эле текшерүү иш-чараларынын саны өткөн жылга салыштырмалуу 35ге көбөйгөн.

2021-жылы Эсеп палатасы тышкы мамлекеттик аудиттин жүрүшүндө 28288,1 млн. сомго мыйзам бузууну аныктаган, муну 1-чи диаграммадан көрүүгө болот.




**1- сүрөт. 2020-2021 жж. финансылык тартипти бузуулар боюнча жалпы жыйынтыктар**

1-чи сүрөттө көргөзүлгөндөй, 2021-жылы аныкталган каржылык мыйзам бузуулардын жалпы суммасынан 26213,6 миллион сом компенсациялануугa жатат, анын 18474,1 миллион сомунун орду толтурулган. Калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү 70 пайызды түздү. Ал эми 2020-жылы финансылык бузуулардын жалпы суммасы жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө 1525,7 млн. сомду түзгөн. Бул болсо 2021-жылы каржылык мыйзам бузуулардын көбөйгөнүн көрсөттүп, жана мамлекеттик ички жана тышкы аудиттин сапатын жогорулатуусуна чоң талап кылат.

Финансылык көзөмөл системасы аткаруу бийлигинин өзүнө жүктөлгөн жалпы милдеттерди натыйжалуу аткаруусуна мүмкүндүк берүүчү ички аудит болушу керек. Ал ишенимдүү болуп жана катуу мамлекеттик көзөмөлдү камтууга тийиш. Тышкы аудит аткаруу бийлигинен көз каранды эмес жана жарандарга аткаруу бийлигинин жана ага баш ийген түзүмдөрдүн өз ишин коомдун кызыкчылыгында эң натыйжалуу жана эффективдүү жүзөгө ашыруусуна кепилдик берүүгө тийиш.

Азыркы убакта Кыргыз Республикасында мамлекеттик мекемелерде жүргүзүлгөн ички аудит жана Эсептөө палатасы жүргүзгөн тышкы аудиттин функциялары бири бирин кайталап жаткандыгы бюджеттик мекемелер үчүн чоң көйгөй жаратууда.

Изилдөөлөр көргөзгөндөй, учурда мамлекеттик финансы ресурстарын башкаруунун азыркы системасында эффективдүү контролдук механизм жок жана мамлекеттик финансылык көзөмөл бири-бирин кайталаган органдар тарабынан ишке ашырылат, алардын ар бири контролдун окшош чөйрөлөрүндө да контролдун өз ыкмаларын колдонушат жана өз милдеттерин ишке ашырууга умтулушат.

Бирок эффективдүү башкаруу үчүн мамлекеттик көзөмөл жана мамлекеттик аудит системалары тыгыз өз ара аракеттениши, карама-каршы келбеши, эң негизгиси бири-биринин функцияларын кайталабашы зарыл.

Дагы көйгөйдүн бири болуп, бул маалыматтык ресурстардын жана аудиттин цифровизацияланбаганы, электрондук жумушчу документтеринин жоктугу. Мындайча айтканда, мурунку жылдагы өтүп кеткен аудиттин маалыматтарынын, процедураларынын, ыкмаларынын электрондук варианты сакталбай калгандыгына байланыштуу, кийиники аудитор аудит жүргүзүүдө кыйынчылыктарга дуушар болууда, себеби салыштырма аудит жүргүзүп чыгуу үчүн маалыматтарды кайрадан терип чыгуу убакытты талап кылып көйгөй жаратууда. Аудитордук текшерүү учурунда чогултулган аудитордук далилдер, сакталган жумушчу документтер же сакталган далилдер онлайн системаларда сакталыш керек, онлайн системалары борборлоштурулшу керек жана команданын каалаган мүчөсү үчүн жеткиликтүү болушу керек. Санариптик инструменттер маалыматка оңой жана тез жетүүнү камсыз кылып, тапшырмаларды аткарууга убакытты кыскартат жана көйгөйлөргө жооп кайтарууну жакшыртат. Биз электрондук жумушчу документтер аудит учурунда маалыматтарды борборлоштуруп чогултууга жардам берет деп эсептейбиз. Мониторингдин конкреттүү учурлары Электрондук жумушчу документтеринин тутумдарынан автоматтык түрдө маалыматтарды чогултууга түрткү бериши мүмкүн, андыктан аудиторлор маалыматтарды кол менен чогултууга эмес, өз күч-аракеттерин көйгөйлөрдү чечүүгө багыттай алышат. Онлайн Электрондук жумушчу документтер борборлоштурулган жана синхрондоштурулган жерде, аудитордук топтун ар бир мүчөсү аудитордук топтун ишин карап чыгып, ошону менен маалыматтардын кайталанышын жана күч-аракетин азайтат. Ошондой эле мурунку болгон аудиттин маалыматтарын, далилдерин, ыкмаларын, аудитордук процедуралардын жыйындысын, алынган маалыматтын электрондук таблицасын, интервьюдан стенограмманы же ар кандай медиа элементтеринин ар кандай керектүү маалыматтарын ала алат. Мындайча айтканда, документтештирүү бюджеттик мекемелердин ишин жөнгө салууда да, аудиттин бүтүндүгүн баалоодо да негизги ролду ойнойт. Документацияда стандарттык операциялык процедуранын майда-чүйдөсүнө чейин жазылат жана жумушчулар өзүнүн максатынын аягына чыгыш үчүн аны колдонушу керек.

Бизнес процессинин менеджери үчүн документацияда жумуш процессин аягына чыгаруу үчүн аткарылчу стандарттык операциялык процедуралары толук сүрөттөлгөн. Линиялык кызматкерден аудиторго чейинки документтер бардык тараптардын конкреттүү милдеттерин түшүнүүсүнө кепилдик берет жана жаңы кызматкерлерди окутууга шилтеме берет.

Кыргызстанда мамлекеттик финансылык көзөмөл чындап натыйжалуу болуп, экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдүн деңгээлине туура келиши үчүн көптөгөн

маанилүү жана олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Азыркы убакытта мамлекеттик башкаруу системасын түзүү укуктук, уюштуруучулук жана методологиялык мүнөздөгү иш-чаралардын комплексин ишке ашырууну сунуштайт жана мунун бардыгы тез арада жана этап менен чечүүнү талап кылат.

Мамлекеттин ишинин натыйжалуулугу көбүнчө анын карамагындагы мамлекеттик ресурстарды кантип башкаргандыгы менен аныкталат.

Мындан тышкары, бирдиктүү маалыматтык ресурс түзүлүш керек, анын жардамы менен мамлекеттик аудиттин жүрүшүндө аныкталган мыйзам бузууларды аныктоо жана аларды баалоо процесстерин оптималдаштырууга мүмкүн болот.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, мамлекеттик аудит мамлекеттин бюджетинен бөлүнгөн финансылык ресурстарды көзөмөлдөөнүн негизги инструменти болуп саналат. Ошондой эле Кыргызстан өнүкөн өлкөлөрдүн өткөн жолун карап чыгып, ошолордун ыкмаларын колдонушу керек. Айрыкча закону күчтүү Кытай мамлекетинин аудитине көңүлдү бурушубуз абзел. Мисалы, тобокелге негизделген стратегиянын пайдасына трансформациялоо контекстинде аудит стратегиясынын маанилүүлүгү кытай окумуштууларынын көңүлүнө бурулуп келет. Демек, тобокелдике негизделген стратегия маанилүү экендигин айдигинилейт. Изилдөөчүлөрдүн айтымында, тобокелдикке негизделген аудит Кытайдын аудиттик ишмердүүлүгүн оптималдаштырды жана аудит ресурстарын сарамжалдуу бөлүштүрүүгө жана каржылык отчеттуулуктун бурмаланышынын учурларын кыскартууга мүмкүндүк берди.

Ошондуктан, Кыргызстан жогоруда айтылгандарды эске алса, мамлекеттик аудитти өнүктүрүүгө чоң салым кошулабы деген ойдобуз.

**Список использованной литературы:**

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2004-жылдын 13-августу № 117 (КР 2020-жылдын 12-августундагы № 124 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

2. Эсеп палатасынын иши жөнүндө жылдык отчет 2021 / Эсеп палатасы, Бишкек 2022

3. Эсеп палатасынын иши жөнүндө жылдык отчет 2020 / Эсеп палатасы, Бишкек 2021

4. Скифская, А. Л. Теоретические и практические аспекты реализации функций государственного аудита и финансового контроля: монография / А. Л. Скифская, К. Н. Скифская, Ю. П. Савицкая. – Тюмень: Тюменский индустриальный университет, 2021. – 171 с.

5. Харисова Ф.И., Козлова Н.Н. Некоторые проблемы методологического обеспечения государственного аудита в Российской Федерации / Вестник экономики, права и социологии, 2013, № 4.

**References:**

1. Kyrgyz Republikasynn Eseptoo palatasy zhonundo Kyrgyz Republikasynn myizamy, 2004-zhyldyn 13-Augustu No. 117 (KR 2020-zhyldyn 12-augustundagi No. 124 Myizamdarynn editorialaryna ylayyk)

2. Esep palatasynin ishi zhonundo zhyldyk report 2021 / Esep palatasy, Bishkek 2022

3. Esep palatasynin ishi zhonundo zhyldyk report 2020 / Esep palatasy, Bishkek 2021

4. Skifskaya, A. L. Theoretical and practical aspects of the implementation of the functions of state audit and financial control: monograph / A. L. Skifskaya, K. N. Skifskaya, Yu. P. Savitskaya. – Tyumen: Tyumen Industrial University, 2021. – 171 p.
5. Kharisova F.I., Kozlova N.N. Some problems of methodological support of state audit in the Russian Federation / Bulletin of Economics, Law and Sociology, 2013, No. 4.